УДК: 37.018 (575.2)

***Жумадилова Н.С.***
*И.Арабаев атындагы Кыргыз*
*мамлекеттик университети, Бишкек ш.*
*улук окутуучу*
*n.jumadilova@mail.ru*

**НАКЫЛ СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУУ МЕНЕН ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП-БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮНҮН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ**

***Жумадилова Н.С.***
*Старший преподаватель*
*Кыргызский государственный университет*
*им.И.Арабаева, г.Бишкек*

**ОБЩИЕ ВОПРОСЫ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ПОСЛОВИЦ**

***Zhumadilova N.S.***
*his teacher*
*Kyrgyz State University named after I. Arabaeva, Bishkek c.*

**GENERAL ISSUES OF STUDENTS' COGNITIVE ACTIVITY USING PROVERBS**

**Аннотация.** Бул макалада накыл кептерди колдонуу, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн жалпы маселелери, алардын сөз байлыгын, аң-сезимин өстүрүүдөгү, тарбия, билим берүүдөгү орду, ролу тууралуу маселелерди иликтөөгө аракеттер жасалды. Накыл сөздөрдү сабакта туура колдонуу окуучулардын таанып-билүү процессине активдүү катышуусуна шарт түзүп, алардын ойлонуу, салыштыруу, талдоо жана тыянак чыгаруу жөндөмдөрүн өстүрүүгө чоң салым кошот. Чыгармачыл таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн мааниси билимди бекем өздөштүрүп жана терең ойлонуштуруусуна гана эмес, ошондой эле инсандын турмуштук көз карашынын калыптануусуна жана социалдык тажрыйба топтоосуна таасир этүүсүндө. Педагогдор окуучулардын таанып-билүү табиятын анализдөө менен катар психологиялык негиздерди да калыптандыруу маселесин колго алышат.
**Негизги сөздөр:** накыл сөздөр, таанып-билүү ишмердүүлүк, окуучулардын сөз байлыгы, кеп өстүрүү, тарбия, билим, илимий таанып-билүү, афоризмдер, цитаталар, фольклор, элдик оозеки чыгармачылык, дидактика, этнопедагогика, тил, табышмак, жаңылмач ж.б.

**Аннотация.** В данной статье предпринята попытка исследовать использование пословиц, общие вопросы познавательной деятельности учащихся, их место и роль в развитии их словарного запаса и сознания, в воспитании и образовании. Правильное использование пословиц в классе позволяет учащимся активно участвовать в процессе обучения и вносит большой вклад в развитие их навыков мышления, сравнения, анализа и принятия решений. Значение творческой познавательной деятельности заключается не только в ее влиянии на прочное усвоение знаний и глубокое мышление, но и в формировании мировоззрения человека, накоплении социального опыта. Педагоги, помимо анализа познавательной природы учащихся, берут на себя также задачу формирования психологических основ.
**Ключевые слова:** мудрые слова, познавательная деятельность, словарный запас учащихся, развитие речи, образование, знания, научные знания, афоризмы, цитаты, фольклор, народное устное творчество, дидактика, этнопедагогика, язык, загадки, скороговорки и т. д.

**Abstract.** This article attempts to explore the use of proverbs, general issues of students' cognitive activity, their place and role in the development of their vocabulary and consciousness, in upbringing and education. The correct use of proverbs in the classroom allows students to actively participate in the learning process and makes a great contribution to the development of their thinking, comparison, analysis and decision-making skills. The importance of creative cognitive activity lies not only in its influence on the solid acquisition of knowledge and deep thinking, but also in the formation of a person's worldview and the accumulation of social experience. Teachers, in addition to analyzing the cognitive nature of students, also take on the task of forming psychological foundations.

**Key words:** wise words, cognitive activity, vocabulary of students, speech development, education, knowledge, scientific knowledge, aphorisms, quotes, folklore, folk oral creativity, didactics, ethnopedagogy, language, riddles, tongue twisters, etc.

Заманбап билим берүү процессинде окуучулардын инсандык жана кесиптик сапаттарын калыптандыруунун негизги фактору болгон таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүү маанилүү орунду ээлейт. Ааламдашуу жана маалымат мейкиндигинин тез өзгөрүү шартында мектеп окуучуларынын эне тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуусун жана мотивациясын жогорулатуу үчүн ар кандай ыкмаларды кантип натыйжалуу колдонуу керек деген маселе өзгөчө актуалдуу болуп жатат.

2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 Токтому), «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому, Стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-11-класстарында эне тилин (кыргыз тилин) окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары «Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» №393 Токтомунунун негизинде иштелип чыкты. Анда предметтин концепциясы, окутуунун методологиясы, максат-милдеттери, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр, күтүлүүчү натыйжалар берилген. Предметтин мазмундук тилкеси, окуучунун билимин баалоо жана ага коюлуучу талаптар берилген.

Накыл сөздөр элдик даанышмандыктын бир бөлүгү катары таанып-билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги куралы боло ала турган терең философиялык жана адеп-ахлактык идеяларды камтыйт.

Алар окуучуларга турмуштук кырдаалдарды түшүнүүгө, өздөрүнүн көз караштарын жана ишенимдерин калыптандырууга, маалыматты талдоо жана синтездөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Мындай накыл сөздөрдү кыргыз тили сабагында окуу процессине киргизүү окуучулардын предметке болгон кызыгуусун бир кыйла арттырып, кыргыз элинин маданий-тарыхый аспектилерин түшүнүүсүн тереңдетет.

Таанып-билүү теориясы же гносеология (грек тилинен "gnosis» - билим, таанып билүү), философиянын пайда болушунан баштап анын фундаменталдуу бөлүгү катары эсептелип келген. Таанып билүү жөнүндөгү окууларга Гераклит, Платон, Аристотель тарабынан көңүл бурула баштаган жана "таанып-билүү" теориясы философияда шотландык философ Дж. Феррер (1854-ж.) тарабынан колдонулган. Таанып-билүү теориясы (таанып-билүүнүн философиясы же гносеология) бул философиянын бир бөлүгү катары эсептелинет. Ал адамдын таанып-билүү табиятын жана нерселер жөнүндө үстүртөн ой жүгүртүү баскычтарынан сырткары, анын ички маңызын тереңдеп иликтөө аркылуу чыныгы акыйкатка жетүүсүн окутуп келген. Бирок, адам өзүнүн жашоосунда кемчилик кетирбесе, акыйкатты таанып биле албайт эле, себеби адам ошол кетирген кемчиликтерин кайрадан кайталабоо үчүн аны оңдоп түзөтүүгө аракеттенген учурда гана чыныгы акыйкатка жете алган, ал эми таанып-билүүнүн теориясы да адам өз кемчиликтерин таанып билип, аны кандай жоюу керектиги жөнүндө окутат.

Билим – бул табият менен адамзат рухун жана практикалык ишмердүүлүгүнүн ортосун байланыштырып турган өзүнчө бир

түгөнгүс булак. Таанып-билүү процессинде чечүүчү ролду ойногон нерсе – сезимдер же акыл-эс жөнүндө азырынча бирдиктүү пикир жок. Ушуга байланыштуу таанып-билүү теориясынын бир нече негизги багыттарын бөлүп көрсөтүүгө болот.

Илимий таанып-билүүнүн дифференциялланышы, илимий түшүнүктөрдүн, илимий ой жүгүртүүлөрдүн теориялык маанисинин күчөшү, таанып-билүүнүн методологиясын дифференциялоого дуушар болуусуна алып келүүдө.

Буга байланыштуу психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөр таанып-билүүнүн өнүгүшүнүн төмөнкүдөй кырдаалдарын айырмалоого тийиш:

- Илимий теориялардын алмашышынын бири-бири менен болгон ырааттуулугу жана алардын бири-бирине дал келүүсү;

- илимдин өнүгүшүнө кайсы бир этабындагы ой жүгүртүүлөргө мүнөздүү жаңы көз караштардын пайда болушу;

- илимий чечмелөөлүнүн ар кандай объективдүү жана субъективдүү шартка жараша өзгөрүп турушу ж.б.

- илимий таанып-билүүнүн бир катар методологиялык негиздерин бири-бири менен байланышта болуусу тууралуу талаптарды жетектөөгө талап кылат.

"...Адамзаттын билими өтө татаал системада түзүлгөн, ал муундан муунга, элден элге социалдык баалуулук катары берилип келгендиги белгилүү. Ошондуктан таанып-билүү социалдык мүнөздү алып жүрөт. Биз маданиятты өздөштүрүү аркылуу гана реалдуулук жөнүндөгү билимдерибизди байытууга жетише алабыз[1].

Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө адамдын социалдык тажрыйба топтоосунда таанып-билүү ишмердүүлүгү өтө татаал процессс экендиги белгилүү жана анын мазмунун так ачып берүү кыйын. Негизги контексттен алсак, ишмердүүлүк - адамдын таанып-билүү активдүүлүгү, даярдыгы, билгичтиги менен мүнөздөлөт. Чыгармачыл таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн мааниси билимди бекем өздөштүрүп жана терең ойлонуштуруусуна гана эмес, ошондой эле инсандын турмуштук көз карашынын калыптануусуна жана социалдык тажрыйба топтоосуна таасир этүүсүндө.

Ишмердүүлүк - адам коомунун жашоо формасы, курчап турган дүйнөнү өзгөртүү жана өзүн-өзү өзгөртүп түзүү максатын көздөгөн субъекттин активдүүлүгүнүн көрүнүшү.

Таанып-билүү ишмердүүлүгү диалектиканын зарыл бөлүгү - субъективдүү чындыктын, идея-пландардын объективдүү чындыкка айлануусу, бул ишмердүүлүктүн практикада орун алуу мүмкүндүгүнөн кабар берет жана ал практикалык талаптан башталып, ошону менен аяктайт.

Адамдардын акыл-эс ишмердүүлүгүнүн активдүүлүгүн жогорулатуунун зарыл шарттары катары – таанып-билүү процессин белгилешет. Алар адамдын ар кандай иш-аракеттеринин милдетүү тарабы: бала ойнойбу, мектеп окууусу окуйбу, адам иштейби сыяктуу иш-аракеттеринин бардык түрлөрү дайыма көңүл буруу, кабыл алуу, эс тутум, ой жүгүртүү жана башка таанып-билүү процесстери менен ажырагыс байланышта болот жана ансыз адамдын ишмердүүлүгү жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес.

Таанып-билүү процесстеринин жана адамдын ишердүүлүгүнүн өз ара байланышы жана көз карандылыгы, биринчиден таанып-билүү процесстери адамды курчап турган чындыкка багыттайт, анын ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылат, аны аң-сезимдүү шартка ылайык иш алып барууга шарттайт. Экинчи жагынан, бардык таанып-билүү процесстери ишмердүүлүк процессинде пайда болот, калыптанат жана жөнгө салынат. Баланын ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү аркылуу көрүүгө болот. Баланын психикасы анын ишмердигинде калыптанат. Баланын оюн ишмердигинде анын эс тутумунун, көңүл буруусунун, ой жүгүртүүсүнүн калыптанышын байкоого болот. Ал эми окуучу үчүн окуу иш-аракеттери эң чоң мааниге ээ.

Таанып-билүү процессинин компоненттери: сезүү, кабылдоо, эс тутум, ой жүгүртүү, сүйлөө, элестетүү жана бул процесстер ажырагыс өз ара байланышта, мисалы, көңүл буруусуз эске тутуу мүмкүн эместигин, эс тутумсуз кабыл алуу мүмкүн эместигин белгилеп кетсек болот.

Адам баласынын турмуштук тажрыйбасы, анын таанып-билүүсү билим, билгичтик жана көндүм түрүндө алуусу менен байланышкан бир нече түшүнүктөр менен бай-

ланыштуу. Булар: үйрөтүү, үйрөнүү, окутуу жана окуу.

Накыл сөздөр, афоризмдер, цитаталар эбегейсиз зор күчкө ээ жана окуучулардын тарбиясына, билимине чоң таасирин тийгизе алат. Окуу процессинде накыл сөздөрдү колдонуунун илимий-теориялык негизги принциптери, жеке сапаттарды жана коомдук жоопкерчиликти калыптандыруудагы потенциалдуу артыкчылыктары да талкууланат. Психологиялык аспектилерге акылман сөздөрдүн окуучулардын психологиялык абалына тийгизген таасирин изилдөө кирет, мындай билдирүүлөр позитивдүү мотивацияны калыптандырууга, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана өзүн-өзү аңдоосун өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Бул адеп-ахлак нормаларын жана адамдык баалуулуктарды терең талдоого жана түшүнүүгө негиз түзөт, бул өз кезегинде эмоционалдык жана социалдык өнүгүүгө өбөлгө түзөт. Философиялык негиздерге көбүнчө философиялык идеяларды, дүйнө таанымдарды чагылдырган акылман сөздөр кирет. Класста мындай сөздөрдү колдонуу окуучуларга адилеттик, боорукердик жана жоопкерчилик сыяктуу маанилүү этикалык түшүнүктөр менен таанышууга жардам берет. Афоризмдер боюнча философиялык ой жүгүртүү сынчыл ой жүгүртүүгө түрткү берип, окуучуларды жашоо жана коом жөнүндө маанилүү суроолорду берүүгө үйрөтөт.

Окуу-тарбия процессинде акылман кептерди эффективдүү колдонуу боюнча усулдук сунуштарды төмөндөгүдөй ыкмалар менен сунуштоого болот:

- Окуучулардын ой-пикирин, аргументтерин алмашуусуна шарт түзүп, акылман сөздөрдү талкуулоого шарт түзүү;
- Чыгармачылык тапшырмаларда чыгармачыл ой жүгүртүүнү өстүрүүчү накыл сөздөрдү ыр, дилбаян, презентация сыяктуу чыгармачылык долбоорлордо колдонуу;
- Билим берүү предметтерин интеграциялоо максатында адабият, тарых, философия боюнча программаларга акылман сөздөрдү киргизүү, окуу процессин байытып, анын көп түрдүүлүгүн арттырат.

Адеп-ахлактык тарбия берүүдө окуучулардын адеп-ахлактык принциптерин калыптандыруу үчүн курал боло турган акылман сөздөр да камтылган. Алар өзүн-өзү чагылдырууга үндөп, жеке ишенимдерин жана идеалдарын калыптандырат. Өткөндүн жана азыркынын акылмандыгына дуушар болгон студенттер социалдык маселелерге аяр мамиле жасап, этикалык жактан туура чечим чыгарууга үйрөнүшөт.

Окуу-тарбия процессинде даанышман сөздөрдү колдонуу окуучулардын адеп-ахлактык багыттарын, инсандык сапаттарын калыптандырууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бул окуу тажрыйбасын гана байытпастан, аң-сезимдүү, жоопкерчиликтүү жана жоопкер муунду түзүүгө жардам берет.

Педагогикалык мамиленин көп кырдуу болушу, терең түшүнүүгө жана акылмандыкты күнүмдүк турмуштун практикалык тегиздигине айландырууга көмөктөшүүсү маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, накыл сөздөрдү сабакта туура колдонуу окуучулардын таанып-билүү процессине активдүү катышуусуна шарт түзүп, алардын ойлонуу, салыштыруу, талдоо жана тыянак чыгаруу жөндөмдөрүн өстүрүүгө чоң салым кошот.

**Адабияттар:**

1. Абдыкеримова, А. Э. Көркөм сөздүн поэтикасы [Текст]: фил. илим. канд. дис. автореф.: 10.01.01. /А. Э.Абдыкеримова. – Каракол, 2003. – 23б.
2. Карасаев Х. «Накыл сөздөр», Ф., 1982, 1-китеби, Ф., 1987, 2-китеби.
3. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы, Б., 2015